КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ К-220 «11» 06 2021

Сизд.чыг. (На) №_________ «____» _________ 20___

**Жалал-Абад областынын
Базар-Коргон районунун
Акман айылдык округунун
Жаны Акман кыштагынын
жашоочусу Көкөнов
Оганбек Токомбаевичке**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Сиздин 2021-жылдын 04-майында кириш № К-220 келип түшкөн арызыңызды карап чыгып төмөнкүлөрдү билдирет.

**1. Биринчи суроонуз келиниз Советбек к. А. добуш берисүү бонча.**

«Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1 жана 2 бөлүмдөрүнө ылайык.

*« Шайлоо өткөрүлүп жаткан тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөлөрү болуп саналган, 18 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жарандары жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо укугуна ээ.*

*Жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү тиешелүү жергиликтүү кеңештердин депутаттарын түздөн-түз шайлайт».*

Мындан тышкары, атап кеткен Мыйзамдын 2-беренесинин 42-абзацына ылайык.

*«жергиликтүү жамааттын мүчөсү - тиешелүү айылдык аймактын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жалпы кызыкчылыктары байланышкан Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү туруктуу жашаган жерин каттоо жөнүндө жарандын паспортундагы белги менен аныкталат».*

Ал эми «Ички жер которуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине ылайык.

*«Кыргыз Республикасынын ар бир жараны ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык мамлекеттин жарандардын өздөрүнүн укуктары менен эркиндиктерин ишке ашырышы, аларды башка жарандардын, мамлекеттин жана коомдун алдындагы милдеттерин аткарышы үчүн зарыл шарттарды камсыз кылышы, ошондой эле ички жер которууну жөнгө салуу максатында Кыргыз Республикасынын чегинде жашаган жана турган жери боюнча катталууга милдеттүү».*

Жогоруда белгиленген Мыйзамдардын нормаларынын негизинде сиздин келиниз Советбек к А. Ноокат районунун Зулпуев айылынан каттодон өткөн жана паспортунда белгиленген, ушул себептен улам Ноокат районунун Акман айылдык округунан добуш бергенге Мыйзам жол бербейт экендигин билдиребиз.

Маалымат катары белгилеп кетебиз эгер Сиз туруктуу жашаган жериңизди алмаштырып кайсы бир башка жерге көчүп туруктуу жашаган жериңизди которсоңуз, Сиз каттого турууга ниеттенсеңиз, анда жакынкы Калкты тейлөө борборуна кайрылып, каттоого тууруп маалыматтарыңызды актуалдаштырууга мүмкүнчүлүгүз бар.

Бул менен Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын шайлоо укугунан ажыратпагандын жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык иш алып бараарын билдирет. .

**2. Экинчи суроонуз боюнча, жаны шайланган депутаттардын ичинде жергиликтүү райондук мекемелерде иштеген адамдар бар экендиги боюнча.**

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинде төмөнкүлөр белгиленген.

*«Жергиликтүү кеңештин депутаты төмөнкү учурларда мамлекеттик кызматта же муниципалдык кызматта боло албайт:*

*1) эгерде ал жетекчилик кызмат ордун ээлеген мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү башкаруунун өкүлчүлүктүү органы да (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңеши) ошол эле айылдык аймактын же шаардын аймагынын чектеринде жайгашкан болсо;*

*2) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органына (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешине) отчеттуу болсо;*

*3) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисин шайлоого, дайындоого, бошотууга сунуштоо ал депутаты болуп саналган ошол жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын (айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешинин) ыйгарым укуктарына тийиштүү болсо.*

*2. Депутаттык ыйгарым укуктарды ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен тиешелүү айылдык аймактын же шаардын калкына кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштырууга болбойт.*

*3. Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн депутаттык мандатын депутаттык ишке байланышпаган максаттарда пайдаланууга укуксуз.*

*4. Бир эле адам бир гана айылдык же шаардык кеңештин депутаты боло алат»*.

Атап кеткен нормага байланыштуу, эгер сизде шайлоо мыйзамын бузуу жөнүндө фактыныз болсо Борбордук шайлоо комиссиясы мыйзамдын негизинде чара көрөт.

**3. Үчүнчү суроонуз мурдагы шайланган депутаттар кайрадан шайланып келетат жана сессия келбеген депутаттар боюнча.**

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 24-беренесинин 2-бөлүмүнүн 10 –пунктусуна ылайык.

*«Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу үчүн төмөндөгүлөр негиз болуп саналат:*

*жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин жыйналыштарында бир жыл ичинде төрт жолудан ашык катышпоосу».*

Ушул нормага байланыштуу депутаттардын сессияга барган жана барбагандыгы боюнча маселеси жергиликтүү кенештин депутаттарынын өздөрү бекиткен Регламенти боюнча каралат.

**БШКнын мүчөсү,**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

атк. Манап у Э, т. 62-01-84